Бекитемин. [signature]
Мек. дир: Исаева Г.
2020-2021-окуу жылы

# К.Тиленбаев атындагы орто мектебинин ата энелер чогулушунун жобосу.

Жалпы мектепттик ата энелер чогулушу адатта жылына бир же эки жолу откорулот. Ата энелерди мектептин жаны жоболук документтери билим беруу тармагындагы укукттук- ченем актары мектептин негизги багыттары жана иштин жыйынтыктары ж.б менен таныштырышат.

Тиги же бул папаллел класстар боюнча ата- энелер чогулушу ошол класстардын окуучуларына тиешелуу койгойлорду ( мисалы бутуруучу класстардын ата- энелеринин чогулушу 1 –кл ата- энелеринин чогулушу ж.б ) талкуулоо зарылчылыгы болгон учурда откорулот.

Класстык ата –энелер чогулушу адатта чейректин жарым жылдыктын аягында уюштурулат. Мындай чогулуштарды окуу –тарбия беруу иштеринин милдеттери талкууланат пландоо иштери жургузулот окуучулардын билим беруудогу жетишкендиктерине баа берилет уй- було менен мектептин натыжалуу кызматташтыгынын ыкмалары жана усулдары аныкталат аткарылган иштин жыйынтыктары ж.б чыгарылат.

Ата- энелер комитети – класс жетекчинин маанилуу таянычы. Педагогго коп маселерди чечууго ата- энелер комитети кана жардам бере алат. Чогулушта уюштуруу учурлары ( тамактануу эгзамендерге бутуруу салтанатына даярдануу жана ж.б ) талкуулангандан кийин аларды чечууго ата- энелердин катышуу дэнгелин жана формасын аныктоо керек.

# Ата-энелер чогулушун откоруу.

1.Чогулушту откоруу учун ынгайлуу кунду сааты тандагыла ошол убакытка силердин да окуучулар менен алардын ата-энелердин кандайдыр бир маанилуу иши пландалбаган болушу керек.

2. Класстык чогулуштун темасын аныктагыла. Ата- энелер кепти ал теманы талкулоонун негизинде уютургула.

3. Класста ата- энелердин жайгашып отурганына конул бургула. Мисалы бардык катышуучулар бири- бирин жакшы угуп жана коруп турушу учун столдорду менен отургуштарды тегерете жайгаштырса болот.

4. Эгерде ата-энелер бири –бири менен тааныша элек болсо анда алардын аттары жазылган карточкаларды даярдап койгула (адамга анын аты айтылып турса баарлашуу оной да жагымдуу да болот). Ата- энелердин тизмесин алдыга коюп аларга кайрылууда аты жонун атагыла.

5. Чогулуштун катышуучулары учун эрежелерди ойлоп тапкыла. Мисалы сыркы кийимди созсуз чечуу койгойду талкуулоого активдуу катышуу кимдир бироонун сунушун ( пикирин ) четке кага турган болсо башка сунуш киргизуу.

6. Чогулушка чакырылган адамдардын убактысын уномдогуло. Бул максатта регламентти бекиткиле жана анын сакталышын талап кылгыла.

7. Ата –энелер чогулушу башталганда талкуулана турган суроолорду айтып бергиле.

8. Алтын эрежени унутпагыла анда чогулуштуу жагымдуу малыматтан башттоо керек деп айтылган андан кийин жагымсыз же терс мазмундагы маалыматы айтып ал эми чогулушту келечекке карата сунуштарды беруу менен аякташ керек.

9. Чогулушта оюндарды жана иштин топттук формаларын колдонгула.

10. Ата- энелер менен бирге жеке маектешуу учурунда кана алардын балдарынын ийгиликтерин жана кемчиликтерин мумкунчулукторун баалагыла.

11. Балдар окууда кыйынчылыктарга дуушар болуп жатканын мугалимдердин тушуно тургандыгы тууралу айткыла.

12. Бүт класска баа бербегиле.

13. Ар башка класстагы окуучулардын өзунчө ийгиликтерин салыштырбагыла.

14. Тиги же бул предметтерди маанисин озгочо баалабагыла.

15. Ата- энелер чогулуштан тарап жатып оз балдарына жардам бере алабыз жана жардам беруугуну каалайбыз деген ой менен кетуу керек.

16.Чогулушта конкретуу чечимдердин кабыл алынышына умтулуу керек.

17. Чогулушка келүүго мумкунчулук тапкан бардык ата –энелерге алкыш айтып ыраазычылык билдируу керек.